**«БЕКИТЕМИН»**

Кыргыз республикасынын
Экономика жана коммерция министри

_______________ **Амангельдиев Д.Дж.**

«__11__»_______12_______2024г.

«Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги» темасындагы 08.00.10 - финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Шаршеева Нурмира Каныбековнанын диссертациясынан алынган илимий натыйжаларды иш жүзүнө ашыруу боюнча

**АКТ**

1. **Иш жузуно киргизуу автору:** Шаршеева Нурмира Каныбековна
2. **Илимий-изилдео иштеринин аталышы:**

08.00.10-финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ««Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги» темасындагы диссертация.

3. **Кыскача аннтоция:**

Шаршеева Нурмира Каныбековнанын диссертациясы Кыргыз Республикасындагы негизги актуалдуу темалардын бири болгон – мамлектибизге чет өлкөлүк инвестицияларды тартууда жагымдуу инвестициялык климатты түзүү боюнча аткарылган.

Диссертацияда чет өлкөлүк инвестициялардын улуттук экономиканы өнүктүрүүдөгү орду аныкталып, учурда мамлекетибизде тартуу боюнча

калыптанган инвестициялык финансылык механизмин талдоо менен көйгөйлөрү аныкталды жана инвестициялык потенциалы зор, ошо менен бирге стратегиялык жактан өтө маанилүү жана экономикада кубаттуу мультипликативдик эффектти түзүү мүмкүнчүлүгү бар энергетика тармагынын негизинде каралды.

Аталган тармакта системдүү баалоодо, инвестицияларды тартуу боюнча комплекстүү көйгөйлөрдүн бардыгын көрсөтүп турат.

Электроэнергетика тармагы экономикалык гана эмес, социалдык жактан да стратегиялык мааниге ээ, ошондон улам инвестицияларды тартып келүү муктаждыгы зор болгондуктан финансылык механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгы бар.

**4. Иш жүзүнө киргизүүдөн алынган натыйжа:**

Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган практикалык натыйжаларды, негизделген илимий-практикалык ыкмаларды, фактылык маалыматтарды чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу механизмин өнүктүрүүдө; электрэнергетика тармагын кризистен чыгарып, инвестицияларды тартып келүүдө; электроэнергетикадагы тарифтик саясатты жүргүзүүдө жана тармакка инвестицияларды тартуу боюнча саясатты түзүүдө колдонулушу сунушталат.

- инвестицияларды тартуу формаларынын бири катары азыркы учурда башка мамлекеттерде колдонулуп жаткан “краудинвестинг”, “краудфандинг” механизмин киригзүү инвестициялоо саясатын өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт;
- электр энергетика тармагын кризистен чыгаруу үчүн жагымдуу инвестициялык климат түзүү зарылчылыгы турат, ошондон улам инвестицияларды тартуу механизмин өзгөртүп, өзгөчө энергетикадагы ири долбоорлорду ишке ашырууда чет мамлекеттерде кеңири колдонуучу IPO механизмин киргизүү сунушталууда. Бул механизмди ишке ашырууда, өздүк кызыкчылыктарды эске алуу керектиги тийиш, ошондон улам белгилеп кетчү негизги критерийлер сакталышы зарыл:

баштапкы акциялардын же пакеттердин наркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталууга тийиш; акциялардын 51% кыргыз субъектилери ээлик кылышы керек; калган 49% акциялар пакети бир колдо топтолбошу зарыл; менеджерлик түзүм менен ревизиялык комиссия кыргыз субъектилер тарабынан гана көзөмөлдөнүп, жөнгө салынуусу тийиш;

- электр энергетика тармагына инвестицияны тартууда эң негизги тоскоолдуктардын бири болуп тарифтик саясаты эсептелинет. Автор, эксперттердин пикирин эске алуу менен тарифтик саясатты түзүүдө рентабельдүүлүктү жана инфляцияны эске алуу керектиги менен жөнгө салынышы сунушталдууда.

Автордун сунуштары Экономика жана коммерция министрлигинде колдонууга сунушталды.

Ошо менен бирге диссертациялык изилдөөнүн материалдары ата мекендик илимде чет өлкөлүк инвестициялар боюнча теориялык түшүнүктөрдү андан ары өнүктүрүүдө; инвестицияларды тартуу процессинде түзүлгөн финансы механизминин учурдагы абалын аныктоодо жана инвестициялардын эффективдүүлүгүн аныктоодо колдонулган ыкмалар илимий-методикалык базаны толуктайт.

**5. Иш жүзүнө киргизүү орду жана убактысы:**

(Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспекти 106, индекс:720002, 2024ж. декабрь) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги

**6. Иш жүзүнө киргизүү формасы:**

Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатын жүргүзүүдө атайын түзүлгөн интеренет платформа аркылуу мамлекеттик долбоорлоду ишке ашыруу үчүн агентсволор, ведомстволор краудфандинг же краудинвестинг механизмдери аркылуу инвестицияларды тартууда колдонушу мүмкүн.

Электр энергетика тармагын өркүндөтүү максатында автордун сунуштары жана электр энергетикасынын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү математикалык каражаттарды колдонуу менен моделделген 2030-жылга чейин түзүлгөн болжолдоону колдонушу мүмкүн.

Эл аралык каржылоо, жашыл экономика
жана туризм башкармылыгын начальниги О.А. Кенжебаев

"М.Рыскулбеков ат. КЭУ" ИИУнун
ӨжМТ боюнча Проректору,э.и.д. Г.Т.Супаева